**Профессор Ильяс Бийбосунович Бийбосунов**
**тууралуу эскерүү** *(80 жылдыгына карата)*

1951-жылы Жалал-Абад облусунун, ошол убактагы Октябрь районуна караштуу Көк-Арт орто мектебин бүтүрүп, Бишкекке (ал убакта Фрунзе шаары эле) барып, ошол жылы жаңы уюшулган Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетине окууга өтүп, физика кесиби боюнча окуп калдым. Көп өтпөй эле, сентябрь айы болсо керек, Ош облусунун Кара-Суу районуна пахта тергени айыл чарба жумушуна келдик. Кайра Фрунзеге ноябрь айында келген болушубуз керек.

Муну менен айтайын дегеним, группалаштарыбыз жана курсташтарыбыз менен көп тааныша электе эле, пахта тергени кеттик. Пахтадан келгенден кийин сабак башталды. Бул жерден өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, менин группалаштарым негизинен тажрыйбалуу, турмуштук тажрыйбасы бар студенттер экен. Алар негизинен Пржевальский (азыркы Каракол) шаарындагы мугалимдик институтун бүтүрүп, мектепте 1-2 жыл иштегендер экен. Алар А.А.Арынов, И.Б. Бийбосунов, Ж.Ж.Жеенбаев, И.Ш.Шамырканов, Т.М.Мамбетахунов, А.А.Айтахунов жана башкалар экен.

Анан дагы Советтик Армияда кызмат өтөп, анан демобилизация болуп, университегке студент болуп кирген орус элинин өкүлдөрү да бар экен. Алардын саны да беш-алтоо болуп, алар Козлов П., Лелеко, Вдовин П. жана башкалар эле. Ошентип, орто мектепти жаңы эле аяктап келгендер беш- алтообуз эле зкенбиз.

Ошентип, окуу боюнча да, турмуш боюнча да тажрыйбасы бар инсандар менен группалаш жана курсташ болуп окуй башталык Кийин байкасам эч бир кесипке физика кесибине киргендерден тажрыйбалуулар университегке кирген эмес экен. Орто мектепти жаңы эле бүтүп келип, тажрыйбалуулар менен группалаш болуп окуу келечекте кандай таасярин тийгизди? - деген суроо туулат.

Ушул мааниде тажрыйбалуу группалаштардын ичинен Ильяс Бийбосунович Бийбосунов тууралуу бир аз баяндама берейин.

Ошентип, биринчи курстун биринчи жарымында химия сабагынан экзаменди кайра тапшырууга туура келди. Ошондо Ильяс Бийбосунов жардам берди. Ошондон баштап экөөбүз жакшы мамиледе боло баштадык. Жаңы жылды жана башка майрамдарды тосууда, сабакка чогулуп даярданууда жана башка ар түрдүү иш-чараларда чогуу болуп, жакындан жолдош, дос боло баштадык.

Мен биринчи курстун жайкы сессиясынын экзамендерин жалаң төрткө тапшырып, стипендия ала турган болуп калдым. (Ал убакта бир эле экзаменди үчкө тапшырсаң стипендия берчү эмес). Жайкы каникулга тарадык. Менин стипендиант болушум жалаң эле өзүмө эмес, менин группалаштарыма да чоң көмөк болуп, жакшы окуган, жогоруда айтылгандай мугалимдик институтту бүтүрүп келгендердин тобуна кошулууга толук мүмкүнчүлүк берди. Алар менен экинчи курстан баштап кадимкидей «тең ата» болуп (дос, жолдош болуп)

аралаша баштадым. Ошонун ичинде И.Бийбосунов, А.Шалпыков, И.Шамырканов жана Ж.Жеенбаевдер бар эле.

Ошентип, экинчи курстан баштап эле мен Ильяс Бийбосунович менен жакындан жолдош болуп, дос болуп студенттик турмушта кезигүүчү ар кандай иштерде бирге болуп, бирге еткорчу боло баштадык. Мисалы, майрамдык (1-май, 8-март, жаңы жылды тосуу, кино көрүүгө баруу, чогулуп сабак жасоо) кечелерде ушул студенттик кездеги мамиле жүрүп отуруп жакын достукка, жолдоштукка айланды.

Ошептип, экинчи курстан баштап эле, менин тажрыйбалуу группалаштарыбыздай жакшы окуп бүтсөм, аспирантурада окуймун, же, университетке мугалим болуп каламын жана башка жакшы ой-максаттар менен алек боло баштаганым толук эле байкала баштады. Ал эми 10-классты жаңы эле бүтүп келип окуй баштагандардын ою - университетти бүтсөм, өзүмдүн окутан мектебиме барып мугалим боломун деген тилек эле. Мисалы, менде эң оболу ушундай максат болгон. Бирок, курстан Курска өткөн сайын ойлор, максаттар өзгөрүлүп журуп отурду. Буга тажрыйбалуу студенттер менен группалаш болуу чоң роль ойноду го демекчимин.

Эми Ильяс Бийбосунович тууралуу көп сез айтса болот, бирок, мен бир- эки моментке эле токтоло кетейин.

Биринчиден, Ильяс Бийбосунович өзү физика бөлүмүнде окуганы менен математика сабактарынан группалаштарына Караганда күчтүүрөөк болуп көрүнүүчү эле. Ушул өзгөчөлүгү Иликемдин ошол убакта Москвадан Кыргыз Мамлекеттик университетине кызматка жиберилген дүнүйөгө аты чыккан жана белгилүү илимпоз профессор Франкль Феликс Исидорович менен жакындашып курстук иштерди ошол профессордун жетекчилиги менен аткарганы эсимде. Ошондо эле Ильяс Бийбосунович профессорунун куиулуна толду го демекчимин. Анын уландысы болуп, Феликс Исидоровичтин жетекчилиги астында дипломдук иш жазды. Университетти аяктаары менен Иликем профессор Ф.И.Франклдын биринчиден болуп аспиранты болду. Профессор Ф.И.Франклдын Иликемди өзүне жакындаштырганынын дагы бир себеби, аэрогидродинамика илими математиканы жакшы билүүнү талап кылат экен. Ошондуктан, Ильяс Бийбосуновичтин физика сабактарына Караганда математика сабактарын жакшы өздөштүрүшү профессор менен жакындашууга хошумча көмөктөш болду го деп ойлойм.

Феликс Исидорович Советтер Союзунда аэрогидродинамика илими боюнча биринчи катардагы окумуштуу экен. Аны биз кийинчерээк түшүнүп жүрбөйбүзбү. Ошентип, Иликем дүнүйөге аты чыккан өтө белгилүү профессордон окуп, өзү дагы жалаң эле Кыргызстандагы эмес, Союзга аты чыккан белгилүү окумуштуу болуп калган эле. Союздук академиктер: Седов Л.И., Черный Г.Г., Рахматуллин Х.А. жана башка атактуу окумуштуулар менен теңтайлашып, кесиптеш болуп иштеген окумуштуу болгон. Илимий иштеринин сапаты дүйнөлүк жана Союздук талаптын деңгээлинде жооп берген иштер болоор эле. Илимий иштери жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясына корреспонденттикке мүчө болуп шайланды (1989-жыл).

Академик наамына татыктуу эле, бирок, ар кандай себептердин негизи академиктикке шайланбай калды («Ак үй орун бөлбөй койгон»).

Экинчиден, Ильяс Бийбосунович кээ бир убакта одонороок көрүнгөн менен абдан боорукер, ак көңүл, адамгерчиликтүү, тамашакөй, жолдошчулу абдан туруктуу мамиле жасаган инсан эле.

Өзү өнүп-өскөн үй-бүлөдөн болгон. Өзү дагы кеп балалуу болуп, балдар кыздары өзүндөй болуп жогорку билимдүү болушуп, илимдин докторлору жана кандидаттары болушту.

Бул жерде өзгөчө белгилеп кетейин дегеним, Иликемдин өмүрлүк жары Мунара аяшым тууралуу бир-эки ооз сөз. Адамзаттын турмушундагы жетишкендиктери, ийгиликтери көпчүлүк учурда өмүрлүк жары менен байланышкан болсо керек ко дейм. Ушул мааниде Мунара аяшымдыш Иликемдин жетишкен ийгиликтерине салымы өтө чоң десем жаңылышпасам керек. Мунара өтө акылдуу, эстүү, кичи пейил, маданияттуу, интеллектуалы өтө жогору болгон ургаачылардан деп эсептейм. Бир сөз менен айтканда. Иликемдин «тылы» абдан бышык болгон.

Ильяс Бийбосуновичтин дагы бир жакшы касиети карьерист эмес эле. Өмүр бою лабораториянын жетекчиси гана болуп бир жерде, бир кабинетте отуруп иштеди. Директор болоюн, ректор, проректор болоюн деген ойлору жок эле. Ушунча жылдары бирге жүрүп, мындай ойлорун эч байкабаган элем. Бирок, Иликемде мындай мүмкүнчүлүктмөр болгон эле. Негизинен илимий иштер менен алектенип, көп сандагы илимий иигтери менен байланышкан китептерин, монографияларын, кеп сандаган илимий макалаларын калтырып кетти. Көп сандагы окуучуларын, илимдин кандидаттарын жана докторлорун тарбиялады. Эли-жерине көптөгөн кызматтарды жасады жана эли-жеринин татыктуу уулдарынан болгон десем эч жаңылышпайм.

Аягында айтаарым, Ильяс Бийбосунович кыргыз элинен чыккан чон окумуштуулардын бири болуп эсептелип, анын илимий эмгектерин дүйнөдөгү окумуштуулар жогору баалашат. Өзүнчө мектеби бар окумуштуулардын катарына кирет. Анан дагы кошумча: жогоруда айтылган тажрыйбалуу жана тажрыйбасы жоктордун баары турмуштан өз орундарын табышып, он чактысы илимдин доктору жана илимдин кандидаты болушту. Мисалы, Ж.Ж.Жеенбаев өз убагында Улуттук Илимдер академиясынын президенти болуп иштеди; мектепти жаңы бүтүп келгендердин ичинен К.Усенбаев - илимдин доктору болду; А.Шалпыков, И.Ордоков, П.Козлов, А.А.Арынов, Ы.Ш.Шамырканов, Т.М.Мамбетахунов жана башкалар илимдин кандидаты болушту.

Ильяс Бийбосуновичтин жаркын элеси окумуштуу катары, адам катары, дос катары түбөлүккө кала берет.

КРнын УИАнын<br>академиги Ж.Текенов<br><br>2012-жылдын 27-майы